# 5-ТЕМА. ҮЙ-БҮЛӨЛҮК ЗОМБУЛУКТАН САКТОО ЖАНА КОРГОО



## 2-лекция. Үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алуу

# Кыргыз Республикасынын «Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө» Мыйзамынын 1-бер. 8-п.

**Үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алуу (эскертүү)** - укук бузуулардын алдын алуу субъекттери тарабынан көрүлүүчү, жарандарды коргоо деңгээлин жогорулатууга, кылмыштуулуктун деңгээлин төмөндөтүүгө, укук бузууларды жасоого өбөлгө болуучу себептерди жана шарттарды аныктоого, четтетүүгө түздөн-түз же кыйыр түрдө багытталган укуктук, социалдык-экономикалык, психологиялык, маалыматтык, уюштуруучулук жана башка чаралардын системасы

# Үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алуу (эскертүү) чараларына кирет:

1. Үй-бүлөлүк зомбулук боюнча программаларды иштеп чыгуу жана ишке киргизүү, анын ичинде үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан адамдар үчүн, жана үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адамдар үчүн атайын программаларды иштеп чыгуу жана ишке киргизүү.
2. үй-бүлөлүк зомбулук окуяларына бөгөт коюу жана кайталануусуна жол бербөө, анын ичинде жабыр тарткан адамдын коопсуздугун камсыз кылуу максатында алдын алуучу аңгемелерди, консультацияларды жүргүзүү, анын ичинде ишеним телефону аркылуу жүргүзүү;
3. үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адамдарга үй-бүлөлүк зомбулукка жол берилбестиги жана ал мыйзам бузуу экендиги жөнүндө, анын ичинде үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча чаралар жөнүндө маалымдоо;
4. жарандардын укуктарын жана эркиндиктерин коргоого, зомбулуксуз жана карама-каршылыксыз жүрүм-турумду пропагандалоого, ар бир адамды басмырлоого жол бербөөгө багытталган үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо чөйрөсүндөгү иш-чаралар, маалыматтык жана агартуучулук кампаниялар;
5. Укук бузуулардын алдын алуу чөйрөсүндөгү мыйзамга ылайык башка чаралар.

# Кыргыз Республикасынын «Укук бузуулардын алдын алуунун негиздери жөнүндө» Мыйзамынын 19-беренеси, 1-бөлүгү (уландысы)

- Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо чөйрөсүндөгү **маалыматтык жана агартуу кампанияларды, иш-чараларды** балдар, аялдар, ата-энелер, эркектер, жумуш берүүчүлөр, лидерлер сыяктуу ар түрдүү максаттуу топтор менен өткөрүү сунушталат.
- Маалыматтык капманияларды өткөрүүдө улгайган адамдар жана майыптыгы бар адамдар үчүн маалыматтын жеткиликтүүлүгүнө көңүл буруу зарыл.

# Маалыматтык компаниялардын мүмкүн болуучу темалары:

- үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо чөйрөсүндөгү мыйзамдар жөнүндө, жоопкерчиликтер жөнүндө маалымат берүү;
- үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан адамда үчүн юридикалык жана психологиялык жардам берүүчү кризистик борборлор жана кызматтар жөнүндө маалымдоо;
- жабыр тарткан адамдарды жардам алуу үчүн социалдык өнүктүрүү органдарына жана үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча башка субьекттерге кайрылууга ынандыруу;
- үй-бүлөлүк зомбулуктун үй-бүлөнүн мүчөлөрүнө жана коомго тийгизген терс таасири;
- эркектерди зомбулукту жоюу боюнча активдүү позицияда болууга ынандыруу;
- жумуш берүүчүлөрдү жана башка кесипкөй топторду үй-бүлөлүк зомбулукту жоюу боюнча активдүү позицияда болууга ынандыруу;
- башка темалар.